КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XXVI сессиясы**
**Токтом № 120**

Сүлүктү шаары 16.06. 2023ж

**2023-жылдын 6 айлыгынын жыйынтыгы боюнча Сүлүктү шаарынын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүндөгү 7 миллион 160 миң сом акча каражатын бекитүү жана бөлүштүрүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 12.06.2023ж. №01-12/1430, 15.06.2023ж. №01-12/1471 чыгыш сандуу каттары боюнча шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштары сессиянын күн тартибине киргизилип, маселелер талкууланып Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 51-беренесинин 1-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27, 34-беренелерине ылайык 2023-жылдын жарым жылдык жыйынтыгы менен Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгү 2023-жылдын 6 айлыгынын жыйынтыгы боюнча 7 миллион 160 миң сом акча каражаты кошумча жылдык планга кошулуп, бекитилсин;
2. Сүлүктү шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2023-жылга кошумча кириштелген 7 миллион 160 миң сом акча каражатынын чыгаша бөлүгү №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Токтогул көчөсүнүн жол четиндеги лотокторду орнотуу үчүн каралган акча каражаты долбоорлоо-сметалык документтери (проектно-сметная документация) даярдалгандан кийин бөлүнүп берилсин.
4. №8 И.Бектемиров атындагы орто мектебине эксперимент иретинде жылытуу системасына "Акылдуу меш" от жагуучу казаны орнотулсун.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" жана "Өнөр жай, транспорт, жол, коммуналдык иштер, таза суу, тазалык жана экология боюнча туруктуу комиссияларына жүктөлсүн.

Төрага: Р.М. Жайнаков

“БЕКИТЕМИН”
Сүлүктү шаардык кеңешинин
төрагасы ______________ Р.М.Жайнаков
Кезексиз XXVI сессиясынын 16.06.2023ж. .
№120 токтому

Тиркеме №1

| 2023-жылдын жарым жылдыгында Сүлүктү шаарынын жергиликтүү бюджетинин пландан ашыкча түшүүчү акча каржататарынын чыгаша бөлүгү | | | |
|---|---|---|---|
| Катар №№ | Иш-чаранын аталыштары | Статья (ОМС) | Сумма миң сом |
| 1 | Сүлүктү шаарындагы Кенжебаев, Отбасаров, Деканов көчөсүнө балдар ойноочу атракциондорду сатып алуу үчүн | 3112 | 900,0 |
| 2 | Сүлүктү шаарындагы Амраев көчөсүндө жайгашкан мурдагы “Кыргызстан” Коммерциялык Банкынын имаратына трансформатор сатып алуу үчүн | 3112 | 500,0 |
| 3 | Токтогул көчөсүнүн жол четиндеги лотокторду орнотуу үчүн, | 3111 | 2507,0 |
| 4 | Шаардык билим берүү бөлүмүнө караштуу №2 техникалык лицейинин жылытуу системасын капиталдык ремонттон өткөрүү | 3111 | 355,6 |
| 5 | Шаардык билим берүү бөлүмүнө караштуу №3 М.Ибрагимов атындагы орто мектебинин жылытуу системасын капиталдык ремонттон өткөрүүгө | 3111 | 210,7 |
| 6 | Шаардык билим берүү бөлүмүнө караштуу №3 Ибрагимов атындагы орто мектебине көмүр сактоочу кампа курууга | 3111 | 298,5 |
| 7 | Шаардык билим берүү бөлүмүнө караштуу №7 И.Раззаков атындагы орто мектебинин жылытуу системасын капиталдык ремонттон өткөрүүгө | 3111 | 242,4 |
| 8 | Шаардык билим берүү бөлүмүнө караштуу №8 И.Бектемиров атындагы орто мектебинин жылытуу системасын капиталдык ремонттон өткөрүүгө (от казанын алмаштыруу) | 3111 | 397,3 |
| 9 | Шаардык билим берүү бөлүмүнө караштуу №4 Р.Жолбаев атындагы орто мектебине суу камдоочу жай курууга | 3111 | 79,2 |
| 10 | Шаардык билим берүү бөлүмүнүн имаратынын эшик-терезелерин алмаштыруу | 3112 | 569,3 |
| 11 | Шаардын ички жолдорунун оңдоо иштерине | 3111 | 500,0 |
| 12 | №1 В.И.Ленин орто мектебинин тушундагы көчөлөрдү асфальттоо | 3111 | 300,0 |
| 13 | Шаардын көчөлөрүн жарыктандыруу | 3112 | 300,0 |
| | Жалпысы: | | 7160,0 |

Жооптуу катчы: М.Джураева